## Этика комиссиясынын жобосу

1. *Жалпы жобо:*

1.1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызмат адамдарынын жүрүш – турушунун эл аралык кодексине, кесиптик милдеттерине, кызмат боюнча маселелерине ылайык иштелип чыккан. Ошондой эле коомдун жана мамлекеттин жалпыга таанылган адеп-ахлактык ченемдерине негизделген.

1.2.Педагогикалык этика-мугалимдин ыймандык, адеп- ахлактык жактары, кесиптик жүрүм-турум маселелериндеги ченемдерин жана эрежелеринин жыйындысы.

2. Этика **комиссиясынын максаты**:

2.1.Этика ченемдери төмөнкүдөй максаттарда белгиленет:

2.2. Мугалимдерде аң-сезимине жогорку ахлак-адептик принциптердин калыптануусу.

2.3. Адамдардын мугалимге болгон ишенимин чыңдоо.

3. **Жыйынтыктоо.**

**3.2.** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, укуктарын жана эл аралык ченемдерин жетекчиликке алууга, кызматтык милдеттерин ак ниет жана жогорку деңгээлде аткарууга

**3.3.** Педагогикалык этиканы жана мыйзам менен чектелген тартипти сактоого

Сканировано с CamScanner

## ОКУУЧУЛАРДЫН МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА УКУКТАРЫ

***Окуучулар төмөнкүлөргө укуктуу:***

- *- жалпы билим берүү уюмун ар кайсы этабына окууга кирүүгө жана билим алуунун тарызин тандоого;*
- *- мамлекеттик билим берүү стандарттарынын деңгээлинде милдеттүү жана акысыз жалпы башталгыч, жалпы негизги жана акысыз жалпы орто билим алууга;*
- *- кошумча билим берүү кызматын, анын ичинде акы төлөнүүчү да таризде алууга;*
- *- жалпы билим берүү уюмунун китепканасынын, маданияттык-спорттук жана өндүрүштүк базасын пайдаланууга;*
- - Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аныкташкан тартиптер боюнча бекер тамактанууга жана медициналык тейлөөгө, жүргүнчү автотранспортто жүрүүнүн жеңилдиктерин пайдаланууга;
- - уставда аныкталган таризде жалпы билим берүү уюмун башкарууга катышууга;
- - балдар уюмунун ишин уюштурууга жана ага катышууга;
- - инсандык кадыр-баркты урматтоого жана маалымат эркиндигине, өзүнүн жеке көз карашын жана ынанымдарын эркин айтууга;
- - жалпы билим берүү уюмунда болууну, анын ичинде күзөт системасын уюштуруу аркылуу коопсуздукту камсыздоого;
- - жалпы негизги жана жалпы орто билим берүүнү аяктаганда мамлекеттик үлгүдөгү билими жөнүндө документтерин өз учурунда алууга ж.б. укуктуу.

**Окуучулар төмөнкүлөргө милдеттүү:**

- - жалпы билим берүү уюмунун уставын тутууга жана аткарууга;
- - мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүүгө;
- - Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган кыргыз жана башка да улуттардын салттарын, жалпы билим берүү уюмунун башка окуучуларынын жана кызматкерлеринин ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоого;

- ички тартипти сактоо боюнча жалпы билим берүү уюмунун, анын ичинде мектептик кийим талаптарын аткарууга;
- жалпы билим берүү уюмунун мүлкүнө этиеттик мамиле кылууга милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жана жалпы билим берүү уюмунун уставы менен окуучулардын кошумча укуктары жана милдеттери аныкталышы мүмкүн.

43. Жалпы билим берүү уюмундагы тартип окуу процессинин бардык катышуучуларын инсандын кадыр-баркын урматтоосунун негизинде жөнгө салынат.

Окуучуларга карата кара күч, эмоционалдык жана психологиялык зомбулукту колдонууга жол берилбейт.

Сканировано с CamScanner

**Окуучулардын милдеттери:**

- *Кыргыз Республикасынын конституциясын, мамлекеттик символдорун билүүгө жана урматтоого;*
- *Окуучулардын абийир кодексин милдеттүү түрдө аткаруу менен Уставда көрсөтүлгөн окуучулар үчүн бирдиктүү талаптарды аткарууга жана урматтоого;*
- *Сабактарды калтырбоого жана кечикпөөгө;*
- *Мектептин кадыр-баркын көтөрүү максатында бардык коомдук иштерге активдүү катышууга;*
- *Коомдук жерлерде, мектепте өзүн маданияттуу алып жүрүүгө;*
- *өзүнүн ден-соолугу жөнүндө камкордук көрүүгө жана мектептин тазалыгын сактоого;*
- *Класстын, мектептин мүлкүнө этият мамиле жасоого;*
- *Мектептин мугалимдеринин айткандарын аткарууга жана аларды урматтоого;*
- *Окуу китептери менен камсыз болууга;*
- *Мектептин педагогикалык кеңешинин чечими менен бекитилген атайын окуучулук форма менен камсыз болууга;*

## Окуучулардын укуктары:

- Мектептин бардык баскычтарында (I, II, III) акысыз билим алууга;
- окутуунун түрдүү формаларынан пайдаланууга (күндүзгү, экстернат);
- өздөрүнүн каалоолору жана ата-энелери менен макулдугунун негизинде кошумча билим берүү (акы төлөнүүчү) кызматтарынан пайдаланууга;
- акысыз медициналык тейлөөдөн өтүүгө;
- Мектептин китепканасынан окуу жана көркөм адабияттарды алып пайдаланууга;
- класстагы жана мектептеги окуучулардын башкаруу органдарына шайланууга жана аларды шайлоого;
- окуу-тарбия иштерин жакшыртуу боюнча сунуш-пикирлерин айтууга;
- класстан жана мектептен тышкаркы иштерге активдүү катышууга, өз каалоосу боюнча мектептин айланасын жашылдандырууга;
- өзүнүн же ата-энелеринин каалоосу боюнча башка мектепке окуу үчүн которулууга.

Сканировано с CamScanner